БЕКИТИЛДИ
2021-жылдын "___" ___________

**ӨЗҮН –ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**

***Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеби***

**ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

**ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**
**Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеби**
ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

**Киришүү**

1. **Билим берүүчү уюм жөнүндө маалымат**

| | |
|---|---|
| 1.1.Билим берүүчү уюмдун аты | Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеби |
| 1.2. Дареги | Кум Дөбө айылы Турдубаев көчөсү №91 |

| | |
|---|---|
| 1.3. Билим берүүчү уюмдун директорунун аты, жөнү , байланыш маалыматтары | Сексеков Кудайбекрген Юсупович<br>703140209<br>Электрондук дареги myrsabekovk@gmail.com<br>Веб-сайт htpps: //myrzabekov.mektebim.kg/ |
| 1.4. Ата-энелер комитетинин жана камкордук кеңешинин аты, жөнү , байланыш маалыматтары | Кароолова Элмира- ата энелер комитетинин төрайымы |

1.5 Менчик формасы: мамлекеттик
1.6.Билим берүүчү уюмдун статусу жалпы орто билим берүү
1.7.ИНН: 02712199510809

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16- июнунундагы « Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим , аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоо тартибин жана негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу , билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндөгү 28.12.2017-жылдагы №844 токтомунун негизинде , мектеп директорунун буйругунун негизинде түзүлгөн өзүн-өзү баалоо комиссиясы декабрь, январь айларында иш жүргүзүп, жыйынтыгын чыгарды. Бул комиссиянын берген отчету 2021-жылы 20-январда педагогикалык кеңеште каралып жактырылды жана бекитилди.

**Мектептин миссиясы:**

Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеп жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоого багытталган

## Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | 1.Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу методикалык камсыздалышы | | |
|---|---|---|---|
| **1.1** | **Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.** | Биздин негизги жалпы билим берүү мекемебиздин окуу планы жана билим берүүнүн программасы мамлекеттик билим берүү стандартынын базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө” № 403 токтомунун 3-главасына ылайык иштелип чыккан билим берүү стандарттарын ишке ашырат.<br>Окуу планын КР нын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнунда № 475/1 буйругу менен бекитилген, 2020-2021-окуу жылындагы окуу планынын 1-тиркемесинин негизинде түзүлүп, Кочкор райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган. Билим берүү үч баскычты камтуу менен жүргүзүлөт:<br>➢ Жалпы башталгыч билим берүү - 1-4-класстар<br>➢ Жалпы негизги билим берүү - 5-9-класстар<br>➢ Жалпы орто билим берүү - 10-11-класстар<br>✓ 2020-2021- окуу жылында мектепте жалпы 36 класс комплект, 1081 окуучу, даярдоо класста 84 окуучу. | **Стандарттык окуу программалары;**<br>**Окуу план;**<br>**Базистик окуу план**<br>**Мектептин Уставы** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуу планда жумалык жалпы саат 1111 саат<br><br>1-4-класстар боюнча 338 саат;<br>5-9-класстар боюнча 566 саат;<br>10-11-класс боюнча 207 саат.<br>Базистик окуу планында 5-класс жана 8-класс үчүн берилген 1саат мектеп компоненти окуучулардын тандоосу жана ата-энелердин макулдугу, мектептин педагогикалык кеңешмесинин чечими менен бөлүштүрүлүп,<br>5-класста математика сабагына,<br>8-класста окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн жана ата-энелердин сунушун эске алуунун негизинде адеп сабагына берилген.<br>✓ 2019-2020- окуу жылында 35 класс комплект, 1086 окуучу, жумалык жүктөм 1048 саат болгон.<br>✓ 2018-2019-окуу жылында 35 класс комплект, 1076 окуучу, жумалык жүктөм 1057 саат болгон.<br><br>Окуу программасынын көлөмү жана убактыс окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келүүдө<br><br>Окуу 5 күндүк мөөнөт менен жүргүзүлот , сабактар 2 сменада өтөт. Сабактын узактыгы 45 мүнөт.<br><br>1. Сабак 1-сменада саат 8-00дө башталып 12-55 дө бүтөт.<br>2. 2-смена 13-30 дө башталып 18-30 да бүтөт.сабактан кийинки убактарды окуучулардын кызыгуусу боюнча эстетикалык, спорттук кружок жана секциялар иштейт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 1,2 | **Окуу методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.** | Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын талаптарына билим берүүнүн программалары дал келиши мектептин окуу планынын түшүндүрмө катында жана базистик окуу планынын негизинде иш алып баруусу тастыкталган. Мектептин окуучулары ,мугалимдери үчүн 32 окуу кабинети:<br>• 1 Манас кабинети;<br>• 2 кыргыз тили жана адабияты кабинети;<br>• 2 математика кабинет;<br>• 1 компьютердик класс<br>• 4 орус тили жана адабияты кабинети;<br>• 1 география кабинети;<br>• 2 тарых кабинети:<br>• 2 англис тили кабинети;<br>• 1 биология кабинети;<br>• 1 химия кабинети;<br>• 1 физика кабинети;<br>• 5 башталгыч класс кабинеттери;<br>• 3 даярдоо класс ;<br>• 1 кол эмгек:<br>• 1 көркөм өнөр кабинети;<br>• 1 музыка кабинети;<br>• 2 кабинет группалар үчүн;<br>• 1 усулдук кабинет.<br>Мындан тышкары:<br>✓ 1 спорт зал,<br>✓ 1тренажер залы,<br>✓ 2 лаборатория кабинети,<br>✓ 1 актовый залы,<br>✓ 1 усулкана ,<br>✓ 1 директор кабинети;<br>✓ 1 окуу завучтары үчүн кабинети;<br>✓ 1 тарбия жана соцпедагог үчүн;<br>✓ 1 профсоюз кабинети;<br>✓ 1 китепкана ,<br>✓ 1 ашкана | **Класс кабинеттеринин паспорттору** |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>✓ 1 архивдик кабинети бар.<br>Кабинеттер талапка ылайык жабдылып жана толукталууда. 2020-2021- окуу жылында Айдарбек Жандаев атындагы кыргыз тили кабинети, 2 орус тили жана адабияты кабинети , 1 англис тили кабинети жаңы жасалгалап жабдылып, жаңы методикалык шкафтар орнотулду. Англис тил жана орус тил кабинетине телевизор коюлду.<br><br>Усулдук кабинет спонсорлор тарабынан толук жабдылган. Компьютер, принтер, 1 интерактивдүү доска, проектор, ноутбук менен камсыз болгон.<br>Физика жана химия предметтери үчүн лабораториялык кабинет бар, Лабораториялык жана практикалык приборлор толук эмес, лабораториялык стол жетишсиз.</td><td></td></tr>
<tr><td>1.3</td><td>Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду)болушу.</td><td>Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин 2020-жылдын 1-сентябрындагы №699/1-буйругу менен бекитилген. 1-тиркемеге ылайык китепканадагы китептер менен окуучулар камсыз болгон. Мектепте окуучулар үчүн окуу китептери жетиштүү<br><br>Жалпы мектептин китеп фонду 14852 китепти түзөт<br><br><table><tr><th>Жылдар</th><th>2018-2019</th><th>2019-2020</th><th>2020-2021</th></tr><tr><td>Окуу китептери</td><td>Жалпы 14852<br>1-4-класс -2859<br>5-9-класс -5434<br>10-11-класс1754</td><td>Жалпы 10199<br>1-4-класс -2321<br>5-9-класс -4864<br>10-11-класс 1204</td><td>Жалпы 11512<br>1-4-класс -2135<br>5-9-класс -4864<br>10-11-класс 1204</td></tr><tr><td>Адабий китептер</td><td>3063</td><td>3088</td><td>3124</td></tr></table></td><td>Окуу методикалык адабияттардын фонду<br><br>Китепкананын инвентаризациясы Д-10 отчеттор</td></tr>
<tr><td>1.4</td><td>Билим берүү программасынын жана окуу методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыктар тараптардын күтүүлөрүн,керектөөлөрүн жана канаттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу.</td><td>Мектепте Кыргыз Республикасынын Билим берүү, Мугалимдердин статусу жөнүндө мыйзамдары, билим берүү программаларын ишке ашырууда жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары, билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу иш укуктук – нормативдик актылар,мектептин Уставы жетекчиликке алынып окуучуларга сапаттуу билим берүү артыкчылыктуу мааниге ээ. Билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн бардык шарттар көрүлгөн. Кочкор райондук билим берүү бөлүмү, Кум Дөбө айыл өкмөтү жана ата- энелер коомчулугу менен бирдикте мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдап, окуу китептери, усулдук колдонмолору менен камсыз кылуу үчүн алгылыктуу иштер аткарылган.Аталган иш аракеттердин бардыгы педагогикалык</td><td>Электрондук күндөлүк жөнүндө жобо<br><br>2019-2020-окуу жылындагы ЖМАнын</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кенештин отурумдарында, ата-энелер чогулуштарында, сурамжылоо, анкета, тест жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат .<br>Окуучулардын билим сапаты жана тарбиясы жөнүндө маалыматтар өз убагында ата энелерге жеткирилип турат.Маалымат менен камсыздоо каражаттары болуп : “Электрондук күндөлүк”, ата эне чогулуштары (Жылына 2 жолу), социалдык кызматтар ( Watsapp группалары) эсептелинет. Мисалы, аралыктан окутуу мезгилинде электрондук күндөлүкту колдонуу менен ата энелер окуучунун предметтерден алган баасын, класста өзүн алып жүрүүсүн (мугалим эскертүү жазса болот), чейректик бааларын толук турдө аралыктан көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүно ээ болушкан. Электрондук күндөлүктү колдонуу, өздөштүрүү, окуучуну көзөмөлдөө, мугалим менен баарлашуу функциялары боюнча ата-энелерге атайын инструктаж өткөрүлүп, видео-сабактар жиберилип жана айрым суроолорго жооп берүү класс жетекчилердин жардамы менен ишке ашырылды. Ошондой эле аталган электрондук кундөлүктүн функциясы боюнча ар бир окуучунун ата-энесине жеке логин жана сыр сөзү берилип, окуучунун жетишкендиктерин көрүү ата-энесинде же жоопкерчиликтүү тараптарда гана калат. Бул ар бир окуучунун маалымат коопсуздугуна кепил боло алат. Сабактык, чейректик, экзамендик баалар боюнча суроо жаралган мезгилде кызыкдар тараптар мугалимдин жеке өзү же класс жетекчи аркылуу маселени чечүү жолдору дагы системалуу түрдө иштейт.<br>Ал эми мугалимдердин электрондук журналды толтуруусу, баалардын коюлуусу боюнча көзөмөл окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан көзөмөлгө алынып, кемчиликтер боюнча түшүндүрүүлөр, эскертүүлөр ар жума сайын жүргүзүлдү.<br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жана көчүрүү экзамендери КР Билим Берүү жана илим министрлигинин буйруктары боюнча жүргүзүлгөн. Окуучулардын билимдери объективдүү бааланып, жыйынтыгы ата-энелер чогулушунда маалымат берилет. | **буйругу жана протоколу** |

**Күчтүү жактар:**

1. Базистик окуу план боюнча бардык предметтердин педагогдору квалификациялык талабы боюнча шайкеш келет.
2. Стандарттык билим берүүнүн методикалык колдонмолору менен иш алып баруу.
3. Окуу программаларынын аткарылышы
4. Педагогдордун кесиптик денгээлинин жогорулатуусу жана чыгармачылык менен изденүүсү

**Алсыз жактары:**

1. Ата-энелердин мектеп проблемаларынын чечилишине пассивдүүлүгү

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 2. Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.1** | **Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу.** | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун,методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкары иш алып баруу пландарында жана окуу программаларында белгиленген.Максаттар окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.<br>Окутуунун максаттары окуучунун позициясынан сабактардын пландарында белгиленген ылайык келет. Мектеп Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги иштеп чыккан билим берүү программаларынын алкагында иш алып барат.<br>Мугалимдер сабактын пландарын жазууда максаттарды окуучунун позициясында кое билишет .<br>Предметтик мугалимдер Мамлекеттик жана предметтик стандартка ылайык кесиптик чөйрөсүнө ылайык төмөнкү компетенттүүлүктөрдү негиз катары сабактарында пайдаланып жатышат. Алар:<br>1) Маалыматтык компетенттүүлүк – өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык.<br>2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу.<br>3) Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү – маалыматта, окуу жана | **Календарлык пландар,**<br>**класстан тышкаркы иштердин пландары,**<br>**усулдук бирикменин жетекчилеринин пландары,**<br>**сабактын планына коюлган талаптар** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | турмуштук жайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык. | |
| **2.2** | **Окутуу тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу** | Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана ыкмаларды колдонуу боюнча мониторинти далилдери бар.Мугалимдердин 50% кем эмеси окутууда жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. Сабакка даярдануу жана өткөрүү,окуучулардын жетишкендиктерин текшерүү жана баалоодо инновациялык технологияларды колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдердин компьютердик билимин жогорулатуу максатында мектепте кошумча курстар уюштурулат. МКТ технологияларды ишке киргизүү багытында мугалимдерге методикалык жардам катары төмөндөгү семинарлар өтүлгөн: “Электрондук күндөлүк менен иштөө”, “Google сервис продукцияларын колдонуу”, “Classroom тиркемеси менен иштөө”. Натыйжада алган билимдерин пайдаланып мугалимдер видео сабактарды өтүштү.<br>Мектептин миссиясы менен дал келген мамлекетик билим берүү стандартына так аныкталган билим берүү максаттары иштелип чыккан<br>1. Курагына, жынысына,акыл –эс жана дене боюунун түзүлүшүнө карабастан сапаттуу негизги жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берүү<br>2. Мектепте 10-11-класстардын базасында профилдик баскычка өтүү жана негизги жалпы билим алган окуучуга адистикти тандоого мүмкүнчүлүк берүү<br>3. Мектепте социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү<br>Ошондо эле мектептин өнүктүрүү планында:<br>1.Ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга билим берүүнү уюштуруу<br>2. 9-10-11-класстардын окуучуларын кесипке багыт | **Сертификаттар,**<br><br>**Семинардын материалдары** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | берүү<br>3.Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарынан окутууга шарт түзүү. | |
| **2.3** | **Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу** | Ар бир мугалим сабакка даярданууда, план түзүүдө сөзсүз кайсы усулдарды колдоноорун жана канткенде окуучудан кайтарым байланыш болоорун алдын ала пландаштырат. Ал сабак өтүп жатканда сабактын кайсы формасын колдонгонун катышуучу байкайт жана сабакка анализ берүүдө бирге талкуулашат, жыйынтыкташат, жетишкендигин жана сунуштарын беришет.<br>Кайтарым байланыш билим берүү процессине оң таасир берет жана ал аркылуу окуучуларга билим алууда алдына койгон максаттарына жетүүгө мүмкүндүк берилет. Окуучулардын билим алуу процессинин кайсы жактарына көңүл буруу керек экенин көрсөткөн кайтарым байланыш окуучуларга билим алууда өз күчүнө ишенип, өздөрүнүн жетишкендиктерин жогорулатууга түрткү берет.<br>Педагогикалык окутуу методдорун баалоо жана корректировкалоо максатында мектеп администрациясы үзгүлтүксүз сабактарга катышып, ар бир сабакка тиешелүү анализдер берилген.Мугалимдер арасында да жолдоштук сабактарга катышуу жолго коюлган. Жыйынтыгында мугалимдердин 80% кайтарым байланыш боюнча иш алып барат<br>Мектепте кайтарым байланыштын төмөнкү формалары каралган.<br>✓ фронталдык сурамжылоо<br>✓ байкоо<br>✓ суроо берүү<br>✓ тестирлөө<br>✓ Зачет | **Сабакка анализдер**<br><br>**Сурамжылоонун жыйынтыгы**<br><br>**Ата-энелер чогулушунун токтому**<br><br>**Начар окуган окуучулар менен иштөө планы** |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>
✓ Начар окуган окуучулар менен иштөө<br>
Мектепте андан кийинки талдоо менен сабактарга өз ара катышуу жүзөгө ашырылат,педагогдордун өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат.Кайтарым байланыш алуу үчүн ата-энелер чогулушу жана төмөндөгүдөй ата-энелерди сурамжылоо өткөрүлөт:
<table>
<tr><td rowspan="2">Багыты</td><td colspan="3">Мааниси</td></tr>
<tr><td>Ооба</td><td>Жок</td><td>Билбейм</td></tr>
<tr><td>Окутуунун сапаты</td><td>95%</td><td>0</td><td>5%</td></tr>
<tr><td>Мугалимдердин кесипкөйлүгү</td><td>93%</td><td>1%</td><td>6%</td></tr>
<tr><td>Жагымдуу социалдык-психологиялык климат</td><td>87%</td><td>2%</td><td>11%</td></tr>
<tr><td>Окуучулардын жашоосунун сергек мүнөзү</td><td>78%</td><td>3%</td><td>19%</td></tr>
</table>
</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>2.4</td>
<td>Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык –айкын системасынын болушу.</td>
<td>Биздин К.Мырзабеков атындагы орто мектебибиз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014-жылы бекитилген мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандартынын 4-главасынын (Окутуу түзүмүнө жана процессине карата талаптар) 62-63-64-65-66-67-68-69-70-71-тизмектерине ылайык окуучулардын окуудагы жетишкендиктерине ылайык обьективдүү баалоо жүрөт.<br>
Баа- окуучуда калыптанган компетенттүүлүктүн, Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген сапатты аныктоо даражасы. Баа берүү тутуму- жетишкендиктерди өлчөөнүн жана окутуу маселелерин диагноздоонун, эки жактуу байланышты түзүү, окуучуларга, мугалимдерге, ата-</td>
<td>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014-жылы бекитилген мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандартынын 4-главасынын ( Окутуу түзүмүнө жана процессине карата талаптар) 56- 62-63-64-65-66-67-68-69-70-71-тизмектери тиркелет<br>
Мектептин Уставы<br>
Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясындагы баалоолор, баалоо системасы<br>
<br>
Жазуу иштеринин</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | энелерге, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөргө билим берүүнүн абалы, маселелери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүнүн негизги каражаты.<br>Окуучулардын жетишкендиктерин (мисалы, жазуу иштерин, окуу көндүмдөрүн, долбоорлорду жана башка) баалоо үчүн процедуралар жана куралдар, ченемдер жана баалоо критерийлери бекитилген жана колдонулат. Салттуу жазуу жана оозеки иштер, практикалык жана изилдөөчүлүк иштерди баалоо, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоонун ыкмалары колдонулат. Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторингдөө жана баалоо жүргүзүлөт, жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>К.Мырзабеков атындагы орто мектебинде предметтик мугалимдердин ишин баалоодо мамлекеттик стандарттын жаны усулдары колдонулат. | **мониторингдери**<br><br>**анализдери** |
| **2.5** | **Окуучуларга баалоонун колдонуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу.** | Мектепте окуу процессине, класстан тышкаркы иштерге, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге өз убагында мониторингдер жүргүзүлүп турат. Мектеп администрациясы жана мугалимдер арасында тиешелүү функционалдык мидеттери жолго коюлуп, атайын жоболор иштелип чыккан<br>Окуучуларга баалоонун эрежелери жана критерийлери маалымдалып турат.<br>Окуучуларга билим берүүнүн жетишилген натыйжаларын баалоодо ар кандай текшерүү методдору колдонулат:<br>-Анкета алуу;<br>-Тестирлөө;<br>-Мониторинг;<br>-Байкоо;<br>-Иш кагаздарын анализдөө;<br>-Пландалган текшерүү;<br>-Окуу планынын аткарылышы окуучулардын билимин текшерүү менен аныкталат.<br>Окуучу алган баасына наараазы болгон учурда | **Баалоонун критерийлери**<br><br>**Жазуу ишинин жыйынтыгы**<br><br>**Чейректин жыйынтыгы**<br><br>**“Аппеляциялык комиссия” жөнүндө жобо** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | администрацияга оозеки же жазуу түрүндө кайрылууга укуктуу.<br>Экзамендеги жана олимпиададагы баага аппеляция жазуу жүзүндө берилсе тартиби боюнча каралат. | |
| **2.6** | **Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу** | Окуу жылынын башында бардык мугалимдерге, техперсоналдарга жана окуучуларга өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук эрежелери, жол эрежелери тууралуу инструктаж өткорүлүп журналдарга кол коюлат.<br>Окуу корпусунда, окуу кабинеттеринде, китепканада, ашканада, мектеп территориясында бардык санитардык гигиеналык эрежелер сакталат. Окуу кабинеттерин жарыктандыруу, класстардын жасалгалары, окуу мебелдери, жылуулук температурасы белгиленген нормага ылайык келет. Мектеп ишканасындагы инвентарлар, тамак ичүүдө колдонулган идиш-аяктар, тазалык маселелери жолго салынып, милдеттүү талаптар аткарылат.<br>Мектепте ден-соолукту чыңдоочу спорт аянтчасы, спорт зал бар.<br>Окуучулардын социалдык абалы анализденип, соц педагог тарабынан алгылыктуу иштер аткарылып келе жатат. Ар жыл сайын турмуш шарты оор, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн соц педагог жана айылдык ден-соолук комитети тарабынан материалдык жардамдар көрсөтүлүп келет<br>Билим берүү процессинде ден соолукту сактоо максатында, окуучулардын ден соолугун көзөмөлдөө, биринчи медициналык жардам көрсөтүү участкалык дарыгерлерге милдеттендирилген. Участкалык балдар дарыгери окуучуларды медициналык кароодон өткөрүп турат. Окуу корпусунун, ашкананын, лабораториялардын, кабинеттердин санитардык тазалыгы көзөмөлдөнүп турат. | **Соц педагогдун иш кагаздары**<br><br>**Өрт коопсуздук боюнча эрежелер**<br><br>**Техникалык коопсуздук эрежелери** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучуларга вакцинациялары системалуу жүргүзүлөт. ОРВИ, грипп, гепатит, брюцеллез, туберкулез ж.б. жугуштуу оорулар боюнча атайын түшүндүрүү иштери окуучулар жана ата-энелер арасында жүргүзүлүп турат. | |
| **2.7** | **Ички жана тышкы баалоонун системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжалардын динамикасы** | Окутуу программасынын алкагында эффективдүү иш алып барыш үчүн окуу методикалык комплекс иштелип чыккан. Нормативдик жана окуу-методикалык иш кагаздары менен иштөө жөнгө салынган.<br>1. Мамлекеттик билим берүү стандарты<br>2. Окуу планы<br>3. Окуу программасы<br>4. Тематикалык пландар<br>Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар, маалыматтардын жана жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген. Натыйжалар кандайдыр бир оң динамиканы көрсөтүүдө же маанилүү өзгөрүүлөр жок. Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди.<br>-ЖМА(9жана 11-класстар)<br>-Мектеп ичиндеги мониторинг<br>-ЖРТ (катышуучулардын санынын, негизги тесттин орточо баллын,тандалуучу предметтердин диапазонунун ыкмаларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар.Мугалимдердин 50%дан кем эмеси окутууда инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот.<br>2020-2021- окуу жылынын1-жарым жылдык отчету боюнча жалпы окуучунун саны 1097/514, улуттук курамы 100% кыргыз, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген 16 окуучу 4 окуучу инклюзивдик билим берүү менен үйдөн окутулат. | **ЖРТ боюнча маалыматтар, НЦТ жыйынтыктары,мектептин ичинде жүргүзүлгөн мониторингдер.<br>ОТЖП** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.8** | **Кызыктар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу.** | Мектепте көрүнүктүү жерде «Ишеним почтасы» уюштурулган жана ал мектептин соцпедагогу тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Бул почтага окуучулардан келип түшкөн каттар, сунуштар, каалоолор ай сайын ачылып, анализ жүргүзүлөт да акт түзүлөт.Ар бир окуучудан түшкөн каттар анонимдүү түрдө болот | «Ишеним почтасы»<br>Арыздар |

**Күчтүү жактары:** 1. Окутуучулардын ишине ата-энелер, окуучулар тарабынан баа берилип турушу.
2. Мугалимдердин МКТ каражаттарын колдонуу билимине ээ болуусу.

**Алсыз жагы:**
1. Мектепте медициналык кабинеттин жоктугу.
2. Психолог үчун штаттын жоктугу.

## 3.Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.1** | **Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим программасына шайкеш келүүсү** | Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге (анын ичинде адистигине шайкеш келүү) карата коюлуучу талаптарга ылайык толугу менен комплектелген.<br>Ар жыл сайын мугалимдерди комплектилөө жүргүзүлүп келет.<br>Учурда мугалимдердин жалпы саны -72<br>Мектептин педагогикалык кадр менен камсыз болушу 100%. | **Укомплектование**<br>**Сертификаттар**<br>**Дипломдор**<br>**Штаттык расписание**<br>**Тарификация** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Анын ичинен жогорку билимдүүсү-72 мугалим, бакалавр-3<br>КР нын “Билим берүүсүнүн отличниги” - 19<br><br>Жалпы педстаж боюнча:<br>3-жылдан 5-жылга чейинкилер -7<br>5- жылдан 10 жылга чейин-8<br>10 жылдан 15 жылга чейин –8<br>15жылдан өйдө стажы барлар- 49 | |
| **3.2** | **Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү , ошондой билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу** | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата - энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Анкета түрүндө алынып физикалык коопсуздук б-ча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы , кабинеттердин жылуулугу, желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопсуздугу ата - энелер , жергиликтүү бийлик менен кайрылуулардын , маек жүргүзүү, проблемаларды суроо жооп аркылуу аныктап алып, стратегиялык планга киргизилген, айрым учурда тез кабыл алуу педагогдордун чогулушунда чечилет. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ФАП кызматкери менен мониторинг жүргүзүлүп турат. Социалдык педагог анкета жүргүзот жашыруун кутуча пайдаланылат,ар бир айда комиссия курамы менен ачылып протокол түзүлот. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн кутуча ичиндеги койгойлор ата эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүүү менен чечилет. ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлуп түшүндүрүү иштери жүргүзүлуп турат.<br>Өрт коопсуздугу боюнча мектеп ичинде ар бир адам КРдин өрт коопсуздугунун 1995 – жылдын № 33 инструкциясынын негизинде эрежелер сакталат. Мектептке эмгек өргүүсүнүн келген ар бир мугалим өрт коопсуздугунун инструкциясы менен таанышкандан кийин гана иштөөгө жол берилет. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын комиссия түзүлгөн Эвакуация пландары илинген жана өрт өчүрүүчү щит ага тиешелүү жабдыктар; өрт өчүрүүчү балондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, бочка, гидрант менен камсыз болгон.. | 3 тараптуу келишим<br>Эвакуациялык пландар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.3** | **Педогогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу** | Ар бир окуу жылынын башталышында Райондук Билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет. Областтык билим берүү институтунун квалификацияны жогорулатуу семинарларынын графигине киргизилип мугалимдер квалификациясын жогорулатып келишет.КРнын жалпы билим берүү уюмдарынын предметтик стандарты боюнча 37 мугалим атайын курстан өтүштү, креативдүү окуудан 12 мугалим өтүп келди.<br><br>Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн беш жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге , кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат.<br>Педагогдорду кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу системасы колдонулат:<br>_ Жыл сайын 15 % кем эмес педагог ( беш жылдын ичинде 75% ) өз квалификациясын курстарда, семинарларда тренингдерде, анын ичинде дистанттык түрдө жогорулатат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>-Насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат;<br>- Насаатчылар, МБнын жетекчилери жана активдүү иштешет.<br>Педагогдор стимулдук фонддун же ЭКК эсебинен сый акы алышат.<br>-Окутуудагы керектөөлөрдү баалоо жыл сайын жүргүзүлөт;<br>-Мектеп үчүн кесиптик өнүгүү боюнча пландар талдоонун негизинде түзүлөт ( ОЖнын стратегиялык жана жылдык пландарынын бир бөлүгү катары)<br>-Педагогдор кесиптик өнүгүүсүнүн өздүк индивидуалдуу пландарын иштеп чыгышат | Кесиптик билимин жогорулатуунун 5 жылдык планы<br><br>Курстан өтуп келген мугалимдин иш чаралары боюнча отчет |
| **Күчтүү жактары:**<br>1. Мектептин мугалимдери өз билимин жогорулатуу үчүн өз убагында курстардан өтүшү, семинар тренингдерге катышуусу.<br>2. Педагогикалык кадрлардын өз кесиби боюнча иштөөсү | | | |
| **Алсыз жактар**: Инновациялык технологиялардын жетишсиздиги | | | |

| **3. МАТЕРИАЛДЫК- ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **4.1** | **Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар ,спорт зал)болушу** | 1 Мектепте окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү, жардам берүү үчүн ар бир класска бекитилген класс жетекчилер иш алып барат.Мындан тышкары мектепте балдар менен иштөө үчүн социалдык педагог бекитилген иш мерчеминин негизинде иштейт.<br>2 Мектептин штатына бекитилген медициналык кызматкер жок болгондугуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден-соолугуна кам көрүү айылдык Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат.<br>Мектептин натыйжалуу ийгиликтери, окуучулардын билим сапатынын жогору болушу бирден бир мектептин материалдык-техникалык базасына көз каранды.<br>Мектептин материалдык –техникалык абалы жакшы, 32 окуу кабинети,<br>1 спорт зал, тренажер залы, 2 лаборатория кабинети,<br>2 кол эмгек кабинет жана 1 актовый залы бар.<br>Мектепке от жагуу жана электрдик жылытуу системасы киргизилген жана мектепте кышкысын жылуулук режим сакталат. Мектепте канализация иштебейт. Мектеп имаратында суу ашканада гана чыгат, суу түтүкчөсү мектептин короосунда бар. Окуу кабинеттери, спорт зал,ащкана жакшы абалда. Мектепте ашкана иштейт. 1-4-класстын 406 окуучуларына ысык тамак берилет. Мектеп ашканасы 120 орундук стол, стулу, электроплитка, идиш-аяктар, идиш жуугуч каражаттар менен камсыз кылынган. Мектеп администрациясы , ата энелер, ГСВ, санэпидстанция тарабынан көзөмөлдөнүп турат.<br>Мектепте 13 компьютер окуучулар үчүн,<br>3 компьютер мугалимдер үчүн иштейт. Ошондой эле<br>1 интерактивдүү доска, 1 проектор ноутбугу менен<br>3 принтер-ксерокс бар.<br>Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга мектептин кире | **Инвентардык иш кагаздар**. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | беришинде бир пандус бар жана башка ресурстар жок. | |
| 4.2 | **Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери)** | Мектепте 1-сентябрь 2014-жылдан баштап 1-4-класстын окуучулары үчүн ысык тамак берилип келе жатат. Мектептин ашканасы талапка ылайык жабдылган. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын иштелип чыккан №1 педагогикалык кеңешмеде бекитилген баштапкы профсоюз уюму менен макулдашылган көрсөтмөнүн негизинде иш алып барылат.Эмгекти коргоо боюнча докладдар окутулат.Окуу семинарлары уюштурулуп ,инструктаж өткөрүлөт . Класстык бөлмөлөрдө,залда коопсуздук эрежелерини көрсөтмөлөрү илинген. Окуучуларга тааныштырылып кол койдурулган документтер бар. Өрт жана экологиялык коркунучтарды жоюу үчүн өрт өчүрүүчү щит жана ага тиешелүү жабдыктар: өрт өчүрүүчү балондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, өрт өчүрүүчү гидрант бар. Мектептин чатыры өрттөн сактоочу заттар менен чачыратуу сигнализация менен камсыз кылынган. Өрт өчүрүүчү каражаттар 100% жетиштүү.<br>Техникалык коопсуздук эрежелери, өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо боюнча инструктаж өтүлүп турат.<br><br>Азыркы учурдагы пандемияга каршы санитардык-гигиеналык нормалардын бардыгы аткарылууда. Мектепте кирүү фильтри уюштурулуп, ар бир окуучунун жана иугалимдердин дене табын текшерүү жана ден соолугунун абалы жөнүндө атайын журналга катталып, түшүрүлөт. Ар бир класста окуучулар жекече коргону каражаттары менен камсыздалган. | Нускама, коопсуздук боюнча эвуакациялык пландар |
| 4.3 | **Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу** | Материалдык -техникалык базаны жакшыртуу боюнча пландалып, келген ресурстар боюнча анализдер жүргүзүлүп турат.<br>Мектептин МТБ ичинен окуучулар үчүн компьютердин жетишсиздиги, спорттук шаймандардын жоктугу да тескери таасирин тийгизет | Кайрылуулар, сметалар, кириштөө жана чыгыштоо актылары. |

**Күчтүү жактар:**
**Алсыз жактары:**

1. Окуучулардын санына карата компьютерлердин санын кобөйтүү.

## Жыйынтык:

Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинин иш кагаздары талапка ылайык жүргүзүлөт: 36 класстык журнал, алфавит китеби, окуучунун жана мугалимдердин жеке иш-кагаздары, буйрук китептер. Окуучулардын келип-кетүү кыймылы боюнча убагында алфавит китебине өзгөртүү киргизилип, класстык журналдар, окуучулардын өздүк делолору текшерилип турат. Чейрек сайын окуучулардын билим сапаты, жетишүүсү тууралуу Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнө маалымат берилет. Окуу жылынын жыйынтыгы менен мектептин ишмердүүлүгү, жетишкен ийгиликтер боюнча анализ жүргүзүлөт. Бул анализдин негизинде жаны окуу жылына карата план иштелип чыгат. Мектептин күчтүү жагы болуп алдына койгон максатынын, миссиясынын тактыгы, чыгармачыл изденүү менен эмгектенген көп жылдык эмгек стажысы бар мугалимдердин басымдуулугу эсептелинет. Жыл сайын мугалимдер жамааты жаш кадрлар менен толукталып турат. Бул мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, усулдук жардам берилет. Билим берүүнүн жаны Мамлекеттик стандарты боюнч мугалимдердин календардык пландары, күнүмдүк пландары иштелип чыккан. Чейрек сайын билим берүү боюнча жыйынтык чыгарылып, мониторинг түзүлөт.

Окуучуларды ЖРТгө даярдоону жакшыртуунун үстүндө иш алып барылат. Мугалимдер заман талабына ылайык заманбап технологияларды колдонуу менен билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иш алып барышат. Мектеп китепканасынын фонду жыл сайын жаңыртылып турат

Мугалимдер жамаатынын курамы күчтүү. Жаш мугалимдерге усулдук бирикме тарабынан тиешелүү денгээлде жардам көрсөтө алат. Мектеп окуучуга билим берүү үчүн заманбап,интарактивдик доска менен камсыз болгон, бирок 1 интерактивдик доска окуучулардын талабына жооп бербейт,саны аз. Тилекке каршы, окуучунун саны компьютердин санына туура келбегендиктен жаңы компьютер менен камсыз кылуу талап кылынат. Мектеп химия, физика сабактары боюнча методикалык колдонмолор,лаборатриялык жабдыктарга муктаж..

Мектепте окуу-тарбия иштери туура жолго салынып, ата-эне менен тыгыз иш алып барылат. Окуучулар арасында ар кандай класстан тышкаркы иштер, маданий иш-чаралар уюштурулуп турат. Класс жетекчилер жогорку класстын окуучулары менен тегерек столдорду, диспут, КВН, презентацияларды планга ылайык өткөрүп турушат. Мектепте спорт жагынан ар кандай ийримдер иш алып барышат. Окуучулар күрөш, футбол боюнча көптөгөн ийгиликтерге жетишишкен.

Мектеп “Сергек жашоо” социалдык проектиси менен иш жүргүзүшөт. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу оң жолго салынган. Тарбия процесси мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясын негизге алуу менен 10 багытта ийгиликтүү иш алып барат. Мектеп парламенти өз планынын негизинде мектеп турмушунда салтка айланып калган иш чараларды өткөрүп турат..

Окуучулар жана мугалимдер үчүн ашканада таза суу орнотулган,тышкы ажатканалар иштейт. Жылуулук системасы электр энергиясы жана от жагуу менен берилет.

Мектептин ишмердүүлүгүндө эксперттик топ көрсөтүлгөн документтерге жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгына анализ жүргүздү. Текшерүү убагында төмөнкү аспектилер каралды:

> Мектептин ишмердүүлүк жүргүзүүчү баштапкы документтердин бар болушу (устав, күбөлүк, лицензия, сертификат, ж.б.);

Мектеп документациясынын талапка ылайык жүргүзүлүшү(класстык журналдар, алфавиттик китеп, окуучулардын өздүк делолору, мектептин жылдык планы, буйруктар, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди каттоо китеби, педагогикалык кеңеш- токтомдору, педагогикалык кадрлардын өздүк делолору);

> Билим берүүнүн сапаттык ички көзөмөлдөөнүн материалдары жана мониторингдер;

> Окуу- процессинин камсыздалышы (маалыматтык технологиялар, лабораториялар, окуу куралдары, окуу китептери);
> Материалдык базанын болушу(класстар, инвентарлар, актовый зал, ашкана, медпункт, спорт аянтчалары,китепкана);

> Структуралык бөлүктөрдүн иши (медпункттун иши, китепканачы, ашкананын иш абалы);
> Тарбиялык иштердин абалы;
> Окуу- тарбия процессине катышуучулардын мектеп ишинин ишмердүүлүгүнө берген баасы;

Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеби жобого ылайык бардык нормативдик-укуктук документтерге ээ:

1.Билим берүү мекемесинин Уставы;

2.Юридикалык тарап катары күбөлүк;

3.Жалпы орто билим берүү уюму катары статусу бекемделген сертификат № СС180002683

Мектеп иш кагаздары нормативдик талаптарга ылайык жүргүзүлөт: класстык журнал, алфавит китеби, окуучулардын өздүк делолору, мугалимдеридин өздүк делолору, эмгек келишимдери. Окуу процессинде болгон өзгөрүүлөр өз убагында жана системалуу түрдө класстык журналдарда, өздүк делолордо белгиленип, тил кат, тастыктамалардын негизинде аныкталып турат.Ар бир окуу жылынын, ар бир чейректин аягында окутуу-тарбиялоо поцессинин, жалпы ишмердүүлуктүн жыйынтыгы чыгарылып, жетишкен жана кемчилик кеткен, аксап жаткан учурлары боюнча анализ чыгарылып, мектептин стратегилык планын,миссия, максаттарын негизге алуу менен, кийинки кадамдар такталат, жооптуу адамдар жана аткаруу мөөнөтү белгиленет.

**Комиссиянын төрагасы:** К.Ю.Сексеков- мектеп директору:

**Комиссиянын мүчөлөрү:** 1.М.Арыстанбекова- окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары

2.Шаршенкул к Жылдыз –тарбия иштери боюнча директордун орун басары

3. Жайлообаева М-соц педагог

4. Тургуналиева Н- кесиптик бирлик уюмунун төрайымы

5. Абдысадыкова С - окуу тарбия иштери боюнча директордун орун Басары

6. Кароолова Э- ата энелер комитетинин төрайымы